# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН

# ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2020-жылдын 29-майы Бишкек шаары

№ 9

**Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан жарандык, экономикалык жана административдик иштерди кароодо мамлекеттик алым тууралуу мыйзамын колдонуунун кээ бир маселелери жөнүндө**

*(КР Жогорку сотунун Пленумунун 2023-жылдын 2-июнундагы № 17, 2024-жылдын 8-апрелиндеги №10, 2025-жылдын 15-июлундагы №21 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

Соттор тарабынан жарандык, экономикалык жана административдик иштерди кароодо мамлекеттик алым жөнүндө мыйзамын туура жана бирдиктүү колдонуу боюнча сот тажрыйбасын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму токтом кылат:

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 15-июнундагы № 21 токтомунун редакциясына ылайык)*

1. Жарандык, экономикалык жана административдик иштер боюнча мамлекеттик алымды төлөө менен байланышкан мамилелер Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодекси (мындан ары - КР СЭКК), Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси (мындан ары - КР ЖПК), Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодекси (мындан ары - КР АПК) менен жөнгө салынаарына соттордун көңүлү бурулсун.

2. Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, чет өлкөлүк юридикалык жактар жана жеке жактар, эл аралык уюмдар, жарандыгы жок адамдар доо арыздарды (арыздарды), апелляциялык (жеке) арыздарды, кассациялык арыздарды берүүдө мамлекеттик алымды жалпы негизде төлөшөт.

3. Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине кирген чет өлкөлүк мамлекеттин чарба жүргүзүүчү субъектиси Кыргыз Республикасынын соттору тарабынын каралып жаткан экономикалык иш боюнча доогер болсо, анда мамлекеттик алымдын өлчөмү жана аны төлөөнүн тартиби "Ар кайсы мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин ортосундагы чарба жүргүзүү талаш-тартыштарын кароодо мамлекеттик алымдын өлчөмү жана аны өндүрүү тартиби жөнүндөгү" Келишиминин негизинде аныкталат (Ашхабат, 1993-жылдын 24-декабры, 2010-жылдын 10-декабрына карата өзгөртүүлөрү менен).

4. КР СЭКК 136-бер. ылайык мамлекеттик алым бул соттор тарабынан ушул эле Кодекстин 138-бер. 1-п. көрсөтүлгөн юридикалык мааниси бар белгилүү бир аракеттерди аткарууда алынуучу акча жыйымы болуп саналат.

КР СЭКК 137-бер. ылайык мамлекеттик алым, жөнөкөй - бул белгиленген суммада алынуучу, жана пропорциялуу - бул тиешелүү суммага карата пайыздык катнашта алынуучу болуп бөлүнөт.

5. Пропорциялуу мамлекеттик алым, негизинен укуктук мамилелердин субъекттеринин ортосундагы мүлк же башка баалуулуктарга болгон талаптарынын, же кандайдыр бир баалуулукка ээ милдеттенмелерди аткарууга болгон мүлктүк мүнөздөгү талаш-тартыштарына карата колдонулат.

Мүлктүк талаштарга, айрыкча, акча суммасын өндүрүү, мүлктү кайтарып берүүнү талап кылуу, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк объектилерине анын ичинде көп батирлүү турак үйдү курууга үлүштүк катышуу объектилери үчүн болгон менчик укугун аныктоо, мөөнөттүү, мөөнөтсүз төлөмдөр жана берүүлөр (выдачи), алардын токтотулуусу; мүлктү бөлүштүрүү, ошондой эле никени бузуу учурундагы мүлктү бөлүштүрүү кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги 159 токтому менен бекитилген мамлекеттик алымдын ставкаларынын (мындан ары - мамлекеттик алымдын ставкалары) 1-гл. 11-п. ылайык, мүлктүк талаштарга бүтүмдү (келишимди) жараксыз деп табуу жөнүндөгү талаштар дагы кирет. Бул эреже мүлккө болгон укуктун өтүшүнө (алып-сатуу, көп батирлүү турак үйдү курууга үлүштүк катышуу, тартуулоо жана башка мүлктү башкаруунун түрлөрү) алып келген бүтүмдөрдү (келишимдерди) жараксыз деп табуу жөнүндөгү талаштарга, ошондой эле экономикалык иштерге дагы жайылтылат.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 15-июнундагы № 21 токтомунун редакциясына ылайык)*

6. Белгиленген өлчөмдө алынуучу жөнөкөй мамлекеттик алым, мамлекеттик алым жөнүндө мыйзам менен каралган учурларда төлөнөт.

Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-гл. 1-п. 4-пч. ылайык предмети мүлккө болгон укукту белгилөө болуп эсептелинбеген, камсыздоо же алдын ала (мүлктүк эмес) мүнөздөгү келишимдерди жараксыз деп табуу жөнүндөгү доо арыздарды берген учурларда мамлекеттик алым белгиленген өлчөмдө төлөнөт. Мындай келишимдерге айрыкча, кепилдик келишими, күрөөгө коюу, алдын ала келишими кирет.

Мүлктүк эмес талаштарга өндүрүп алууну күрөөнүн жүйөсүнө айлантуу, ачык тоорук өткөрүүнүн уюштуруучусун же күрөөнү кармоочунун күрөөгө коюлган мүлккө ээлик кылуу укугун мажбурлап жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу жакты дайындоо жөнүндө талаштар (КР ЖК 183-184-бер.), келишим алдындагы талаштар (КР ЖК 406-407-бер.), келишимдерди түзүү, өзгөртүү жана бузуу боюнча талаш-тартыштар, анын ичинде көп батирлүү үйдү курууга үлүштүк катышуу келишимдери (Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-главасынын 2-пунктунун 3-пунктчасы), мүлктү жалдоо келишими, мурастоо укугу жөнүндө күбөлүктөрдү жараксыз деп табуу жөнүндөгү талаштар, мурасты кабыл алуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө, керээзди жокко чыгаруу жөнүндө, моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө, мүлктү камактан бошотуу жөнүндө, юридикалык фактыны белгилөө (мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-гл. 1-п. 5-пч.), ошондой эле бейтарап соттун чечимин мажбурлап аткарууга аткаруу барагын берүү (мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-гл. 1-п. 4-пч.) жөнүндө талаштар кирет.

Эгерде бүтүмдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу жөнүндө талап бүтүмдү жараксыз деп табуу менен бир убакта коюлса, бүтүмдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу жөнүндө талап мүлктүк эмес мүнөздөгү талаштарга тиешелүү.

Бүтүмдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу талабы бүтүмдү жараксыз (арзыбас келишим) деп таануу жөнүндө дооматсыз коюлган учурда, мамлекеттик алым мүлктүк мүнөздөгү талаштар боюнча белгиленген өлчөмдө төлөнөт.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 15-июнундагы № 21 токтомунун редакциясына ылайык)*

7. Турак-жайды жалдоо келишимин (КР ЖК 28-гл.) жана мүлктү жалдоо келишимин (КР ЖК 27-гл.) бузуу тууралуу талаштарга карата мыйзам менен ар кандай мамлекеттик алымдын ставкалары белгиленгендигине соттордун көңүлү бурулсун.

Турак-жайларды жалдоо келишимин бузуу жөнүндө доо арыздардан Мамлекеттик алымдын ставкаларына ылайык эсептик көрсөткүчтүн 7 эселенген өлчөмүндө мамлекеттик алым өндүрүлөт.

8. Соттор, доогердин аз камсыз болгон же болбосо жарды үй-бүлөдөгү жарандардын катарына киргендиги тууралуу далилдери бар болгондо гана мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-гл. 1-п. 14-пч. колдонуу негиздүү болуп эсептелээрин эске алышы керек.

9. Мүлктүк мүнөздөгү доолорду берүүдө, төлөнө турган мамлекеттик алымдын өлчөмүн эсептөө үчүн, доогер доонун баасын көрсөтүүгө милдеттүү.

Доонун баасын аныктоо тартиби КР ЖПК 104-бер. менен каралган. Ошондой эле доо арызда көрсөтүлгөн айып төлөм (айып акы, туум), башка бирөөнүн акчалай каражатын укуксуз пайдалангандыгы үчүн проценттер (пайыздар) доонун баасына кирет.

Доонун баасынын өзгөртүлүшүнө алып келе турган, доо арыздын талаптарын көбөйткөндө же кошумчалаганда, алымдын жетишпеген суммасы доонун көбөйгөн баасына же кошумча талаптарга ылайык төлөнөт.

Мүлктү бөлүштүрүү жөнүндө доо сотко берилгенде төлөнүүгө тийиш болгон мамлекеттик алымдын өлчөмү доогер талашып жаткан мүлктүн наркынын пропорционалдуу өлчөмүнө жараша эсептелинет.

Никенин учурунда жубайлардын арттырган мүлкүн бөлүштүрүү жөнүндө доо никени бузуу жөнүндө доо менен бирге же никенин бузулгандан кийин жубайлардын арттырган мүлкүн бөлүштүрүү жөнүндө доо берилгенде, Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-бөлүмүнүн 1-пунктунун 2-пунктчасына ылайык мамлекеттик алым доонун наркынын -1% эсептелинээрине соттордун көңүлү бурулсун.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 15-июнундагы № 21 токтомунун редакциясына ылайык)*

10. Жарандык, экономикалык жана административдик иштер боюнча доонун баасынын туура аныкталгандыгын текшерүү соттун милдети экендигин соттор эске алышы керек. КР ЖПК 104-бер. 3-б. ылайык доонун көрсөтүлгөн баасы ачык эле туура келбеген учурларда аны сот доо арызды кабыл алууда же соттук териштирүүнүн жүрүшүндө аныктайт (КР ЖПК 107-бер. 1-б).

Доо арыз соттун өндүрүшүнө кабыл алынганга чейин доонун көрсөтүлгөн баасы ачык эле туура келбегендиги аныкталса, анда доо арыз КР ЖПК 134-бер. 2-б. 6-п. талаптарын сактабастан берилгендигине байланыштуу КР ЖПК 139-бер. ылайык кыймылсыз калтырылаарына соттордун көңүлү бурулсун.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар соттук териштирүүнүн жүрүшүндө аныкталган учурда, сот кемчиликтерди оңдоо үчүн мөөнөт берет. Эгерде кемчиликтер четтетилбесе, анда доо арыз КР ЖПК 222-бер. 9-п. ылайык кароосуз калтырылат.

11. Өкүлгө, котормочуга, адиске, экспертке, күбөгө төлөнүүчү чыгымдар ишти кароого байланышкан коромжуларга киргендиктен, доонун баасына кирбегендигине жана алардан мамлекеттик алым алынбагандыгына соттордун көңүлү бурулсун (КР ЖПК 109, 115-бер., КР АПК 85-86-бер.).

12. Бир нече доогер тарабынан биргелешип бир талап коюлган доо арыз боюнча мамлекеттик алым, мамлекеттик алымдардын ставкаларында аныкталган өлчөмдө, доогерлер же доогерлердин тапшырыгынын негизинде бир доогер тарабынан төлөнөт (КР ГПК 41-бер. 1-б., КР АПК 35-бер. 1-б.).

Эгерде доо талап доогерлердин өз алдынча талаптарынан турса, мамлекеттик алым, алардын талабына жараша, ар бир доогер тарабынан өз-өзүнчө төлөнөт.

Доо бир нече жоопкерлерге карата коюлган болсо, мамлекеттик алым доонун жалпы суммасынын негизинде эсептелинет. Өз алдынча талаптан турган доо коюлган учурда, мамлекеттик алым доогерден ар бир жоопкерге коюлган талаптар боюнча пропорционалдык үлүштө төлөнөт.

13. Эгерде доогер доо берүүдө доонун талабынын бирөөсү боюнча КР СЭКК негизинде мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулса, анда доогер мамлекеттик алымдан бошотулбаган башка доонун талаптары боюнча мамлекеттик алым төлөйт.

Мисалы, КР СЭКК 141-бер. 1-б. 20, 27-п. ылайык, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары доо коюуда, менчиктештирүү маселесине байланыштуу жана баалуу кагаздар менен бүтүмдөрдү жараксыз деп табуу талабы боюнча мамлекеттик алымдан бошотулат. Бирок, ошол эле учурда мамлекеттик органдар тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн талаптардан тышкары башка тараптарга башка талаптар коюлганда, бул талаптарга карата мамлекеттик алым жалпы тартипте төлөнөт.

14. Доо арызды, апелляциялык, кассациялык даттанууларды берүүдө жана юридикалык мааниси бар белгилүү бир аракеттерди аткарууда төлөнүүчү мамлекеттик алымдын өлчөмү (КР СЭКК 140-бер. 3-б.) мамлекеттик алымдын ставкалары менен аныкталган.

Арыз (даттануу) берилгенде мамлекеттик алымдын өлчөмү, арыз (даттануу) берилген учурдагы мамлекеттик алым жөнүндө мыйзамына ылайык аныкталышына соттордун көңүлү бурулсун. Мисалы, эгерде апелляциялык (кассациялык) даттануу берилген учурда мамлекеттик алымдын өлчөмү өзгөргөн болсо, анда мамлекеттик алым жаңы ставканын негизинде төлөнөт.

КР ЖПК 247-беренесине жана мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-гл. 1-п. 8-пч. ылайык мүлктүк талаштар боюнча соттун буйругун берүү жөнүндө арыз боюнча мамлекеттик алым, жалпы тартипте сотко кайрылган учурдагыдай эле доонун талашылып жаткан суммасынын 50% өлчөмүндө төлөнөт.

Ошондуктан, соттор сумманы өндүрүп алууда төлөнгөн мамлекеттик алымдын 50% өлчөмүн өндүрүп алуучуга жоопкерден кайтарып берүү маселесин чечүүгө тийиш.

15. Бир нече өз алдынча талаптардан турган доо берүүдө мамлекеттик алым баардык талаптардын жалпы суммасынан төлөнөт (КР ЖПК 104-бер. 1-б. 10-п.).

Эгерде, доо арыз бир нече талаптан туруп, алардын кээ бири мүлктүк мүнөздө, ал эми кээ бири мүлктүк эмес мүнөздө болсо, анда доолордун ар бири мамлекеттик алымдын өз алдынча объектиси болуп эсептелет.

Мисалы, сатуу-сатып алуу келишимин жараксыз деп табуу жана жараксыз деп табуунун натыйжасынан келип чыккан бүтүмдөрдү, же акча-каражат суммасын өндүрүү жана күрөөгө коюлган мүлктүн эсебинен өндүрүү жөнүндө доо арыз берилсе, мамлекеттик алым эки талаптан тең алынат жана анын өлчөмү ар бир талап боюнча мамлекеттик алымдын суммасын кошуунун негизинде аныкталат.

Эгерде, бир нече талап коюлган доо арыз берилип, бирок мамлекеттик алым төлөнбөсө, анда бул талаптар боюнча соттор КР ЖПК 138-бер. 1-б. 7-п., КР АПК 114-бер., 115-бер. 1-б. 8-п. жоболорун колдонушу керек.

16. Административдик органдын чечимин жараксыз деп табуу жөнүндө жана КР "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" Мыйзамына ылайык талаш-тартышты сотко чейинки тартипте чечүү боюнча ыйгарым укуктуу органдын чечимине келтирилген доо арыз (апелляция) берилген учурда, мамлекеттик алым ар бир талапка төлөнөөрүнө соттордун көңүлү бурулсун.

17. Тосмо доо арыз, доо талаптын өлчөмүн көбөйтүү же болбосо доону кошумча талап менен толуктоо, талаштын предметине карата өз алдынча талаптарды билдирүүчү жактын арызы боюнча мамлекеттик алым КР СЭКК 140-бер. 3-б. аныкталгандай жалпы тартипте төлөнөт, т.а. мамлекеттик алым алымды алуу аракеттери жасалганга чейин төлөнөт. Мамлекеттик алым доо арыздарды жана башка арыздарды, даттанууларды берүүдө өндүрүлөт. Бул тартип КР ЖПК 102-бер. 1-б. каралган.

Ошондуктан, мамлекеттик алым толук төлөнгөндүгү тууралуу далилдер жок болгон учурда, жогоруда көрсөтүлгөн арыздарды өндүрүшкө кабыл алууга жана аларды кароого жол берилбейт, ал эми берилген арыздар КР ЖПК 138-бер. 1-б. 7-п., КР АПК 114-бер., 115-бер. 1-б. 8-п. ылайык арыз ээсине кайтарылып берилүүгө тийиш.

18. Эгерде бир же бир нече доо талаптар өзүнчө өндүрүшкө бөлүнгөн болсо, анда доо талап берилген учурда төлөнгөн мамлекеттик алым кайтарылып берилбейт. Бирок, өзүнчө өндүрүшкө бөлүнгөн талаптар боюнча экинчи ирет мамлекеттик алым төлөнбөйт. Бул учурда, иштердин материалдарына алгачкы иш боюнча төлөнгөн мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгү жөнүндө дүмүрчөктүн тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү тиркелиши керек.

19. КР СЭКК 141-бер. ылайык айрым категориядагы доогерлер мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулгандыгына соттордун көңүлү бурулсун. Бул учурда доогерлерди мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотуу жөнүндө аныктама чыгаруу талап кылынбайт.

КР СЭКК 141-бер. менен белгиленген мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулган учурлардын тизмеси акыркы жана кеңейтилип түшүндүрүүгө жатпай тургандыгына соттордун көңүлү бурулсун (КР ЖПК 105-бер., КР АПК 84-бер.). Ушуга байланыштуу, процесстин катышуучуларын мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотуу соттордун ыйгарым укуктарына кирбейт.

Айрым мамлекеттик органдар баардык иштер боюнча жана баардык соттук инстанцияларда доогер же жоопкер катары мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулушкан. Алардын тизмеси КР СЭКК 141-бер. 1-б. көрсөтүлгөн. Аларга КР Өкмөтү (31-п.), КР Улуттук банкы (34-п.), КР Каржы министрлиги жана анын ведомстволук бөлүмдөрү (35-п.), салык, бажы жана башка финансы органдары (17-п.) кирет.

Жаратылышты коргоо органдары (п.19) жана жогорудагы тизмеде 24-27, 29-п. көрсөтүлгөн башка органдар, бул тизмеде аталган доолор боюнча гана доогерлер же жоопкерлер катарында мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулушкан.

КР СЭКК 141-бер. менен берилген жеңилдиктер мыйзамда көрсөтүлгөн жактарга жана аракеттерге гана тиешелүү.

Мисалга, КР СЭКК 141-бер. 1-б. 20-п. менен мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган доогер катары мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулган бөлсө, ал эми бул мамлекеттик орган жоопкер катары ишке тартылган учурда, анда мамлекеттик алым КР ЖПК 113-бер. ылайык жалпы тартипте өндүрүлөт.

20. КР СЭКК 141-бер. 1-б. көрсөтүлгөн учурлардан тышкары КР “Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө” Мыйзамына ылайык доогерлер - жеке жактар мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулушу мүмкүн экендигине соттордун көңүлү бурулсун. Мисалы, көп батирлүү үйдү курууга үлүштүк катышуу жөнүндө келишимди аткарууда келип чыккан талаштар боюнча.

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 15-июнундагы № 21 токтомунун редакциясына ылайык)*

21. КР СЭКК 141-бер. 1-б. 3-п. ылайык алименттерди өндүрүп алуу доолор боюнча доогерлер мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулушкандыгын соттор эске алуусу керек.

Бул учурда алименттин өлчөмүн азайтуу жөнүндө доолор боюнча мамлекеттик алымдын өлчөмү КР ЖПК 104-бер. 1-б. 6-п. ылайык аныкталаарына соттордун көңүлү бурулсун.

22. КР СЭКК 141-бер. 6-п. ылайык кылмыш аркылуу келтирилген материалдык зыяндын, анын ичине кирген моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө доолор боюнча доогерлер мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулушкан.

23. Өтүп кеткен процессуалдык мөөнөттөрдү калыбына келтирүү жөнүндө, жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча сот актыларын кайра кароо жөнүндө арыздардан, апелляциялык жана кассациялык тартипте даттанууга жаткан соттордун аныктамаларына карата жеке даттануулардан, ошондой эле КР СЭКК 141-бер. 1-б. 15-п. каралган башка аракеттерден мамлекеттик алым алынбайт.

24. Мамлекеттик алым жөнүндө мыйзамдарда башкача каралбагандыктан КР СЭКК 141-бер. ылайык доо арыздар берилгенде мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулушу апелляциялык жана кассациялык доо арыздар берилгенде да мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотууга алып келээрине соттордун көңүлү бурулсун.

25. Соттор доогердин (арызданууучунун) мүлктүк абалын аныктап жатып, мамлекеттик алымды төлөөнүн мөөнөтүн жылдыруу же созуп төлөө жөнүндө маселелерди чечүүдө сотторго ишти кароо үчүн берилген мөөнөт алкагында андан материалдык абалын жакшыртуу жана мамлекеттик алымды төлөө мүмкүнчүлүктөрүн күбөлөндүрүүчү документтерди талап кылууга тийиш.

Мамлекеттик алымды төлөөнүн мөөнөтүн жылдыруу же созуп төлөө жөнүндө өтүнүч сот тарабынан доо арыз өндүрүшкө кабыл алынганга чейин каралат, анткени мамлекеттик алым төлөнбөгөн доо арыз КР ЖПК 138-бер. 1-б. 7-п. ылайык кайтарылууга жатат. Мындай өтүнүч сот тарабынан сот отурумун өткөрбөстөн жана иш боюнча тараптарды чакырбастан каралып, бирок аларга милдеттүү түрдө аныктаманын көчүрмөсү жиберилиши керек. Мындай аныктама КР ЖПК 119-бер. ылайык даттанууга жатат.

КР ЖПК 135-бер. 1-4-п. көрсөтүлгөн талаптарды сактабастан берилген арыз, эгер доогер анын кемчиликтерин оңдобогон болсо же КР ЖПК 107-бер. 2-б. 2-абз. талаптарын аткарбаган болсо, КР ЖПК 222-бер. 9-п. ылайык кароосуз калтырууга тийиш экендигин соттор эске алуусу керек. Башкача айтканда, доогер мамлекеттик алымды төлөөнүн мөөнөтүн жылдыруу же созуп төлөө боюнча убакыт алгандан кийин мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгү жөнүндө документти белгиленген мөөнөттө тапшырбаса, сот арызды кароосуз калтырууга милдеттүү.

*(КР Жогорку сотунун Пленумунун 2023-жылдын 2-июнундагы № 17 токтомуна ылайык алып салынды)*

26. Соттор КР АПК ылайык административдик иштер боюнча мамлекеттик алымды төлөө мөөнөтүн жылдыруу же созуп төлөө боюнча ыйгарым укуктар сотко берилбегендигин эске алуусу зарыл.

Эгерде доого мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгү жөнүндө документ тиркелбесе, анда судья КР АПК 114-бер. 1-б. ылайык, доо арызды кыймылсыз калтырууга, ал эми көрсөтүлгөн кемчиликтер белгиленген мөөнөттө доогер тарабынан четтетилбесе, анда КР АПК 115-бер. ылайык судья доону кайра кайтарууга укуктуу.

27. КР СЭКК 136-бер. 2-б. ылайык жарандык жана административдик сот өндүрүшүндө мамлекеттик алымдын төлөөчүлөрү болуп жеке жана юридикалык жактар саналат. Ошону менен бирге, КР ЖПК 40-бер. 2-б. ылайык юридикалык жак болуп саналбаган уюмдар дагы жарандык процессте тараптар болушун эске алганда, анда бул жактар мамлекеттик алымды өз алдынча төлөөчүлөр катары болушат.

Мисалы, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 25, 26, 28-беренелерине ылайык салык салынуучу субъект болуп саналуучу уюм деп юридикалык жак жана андай болуп саналбаган уюмдар дагы эсептелет, алар: негиздеген өлкөнүн мыйзамдарына ылайык түзүлгөн түзүмдөр же эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасынын аймагындагы өз алдынча түзүмдөрү (туруктуу мекемелери).

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 15-июнундагы № 21 токтомунун редакциясына ылайык)*

28. Мамлекеттик алымды арызданууучу өзү дагы, анын өкүлү дагы төлөй алат. Өкүлү төлөгөн учурда мамлекеттик алымдын төлөнгөндүгү жөнүндө төлөм документинде төлөөчү катары арызданууучу өзү, ошондой эле төлөм аты-жөнү көрсөтүлүп өкүл аркылуу жасалгандыгы тууралуу белгиси дагы көрсөтүлүү керек.

Мамлекеттик алымды төлөө фактысы мамлекеттик алымды төлөө аракетин көрсөткөн төлөм документинин түп нускасы (төлөм тапшырмасы, чек, дүмүрчөк же төлөм жасап жатканда берилген башка кагаз же электрондук документ) менен ырасталат. Сот мамлекеттик алымдын төлөнүшүнүн далили катары документтердин көчүрмөлөрүн кабыл албашы керек.

29. Төлөөчүнүн өтүнүчү боюнча мыйзамдарда белгиленген учурлардан тышкары жарандык же административдик иштен төлөм документинин түп нускасын берүүгө жол берилбейт. Айрыкча, бул доо арыздарды (арыздарды) (КР ЖПК 137, 138-бер., КР АПК 113, 114, 115-бер.), апелляциялык, кассациялык даттанууларды (КР ЖПК 329, 357-бер., КР АПК 219, 254-бер.) кабыл алуудан баш тартуу же аларды кайтарып берүү учурларына таандык.

30. Сот тарабынан КР ЖПК 47-бер., КР АПК 37-бер. тартибинде процесстик укук улантуучулуктун алкагында баштапкы доогерди башка жакка алмаштырылган учурда, бул жак мамлекеттик алымды төлөбөйт. Бул учурда баштапкы доогер тарабынан төлөнгөн мамлекеттик алым кайтарылбайт.

31. Мамлекеттик алымды кайтаруу тартиби жана учурлары КР СЭКК 27-бер., КР ЖПК 108-бер. менен аныкталган.

Кызыкдар жак төлөнгөн мамлекеттик алымды кайтарып берүү жөнүндө арызды сотко берүүгө укуктуу, бул арыз биринчи инстанциядагы сот тарабынан сот отурумун өткөрбөстөн жана иш боюнча тараптарды чакырбастан каралып, бирок милдеттүү түрдө тараптарга аныктаманын көчүрмөсү жиберилиши керек. Мындай аныктама КР ЖПК 119-бер. ылайык даттанууга жатат.

Мамлекеттик алымды кайтарып берүү Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 108-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык жүргүзүлө тургандыгын соттор көңүлгө алуусу зарыл, ошондой эле Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 27-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, мамлекеттик алымды кайра кайтаруу сот актысынын негизинде ал мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып, бир жыл өткөнгө чейин анын бюджетке эсепке киргизилген жери боюнча казыналык органдар тарабынан жүргүзүлөт. Ошону менен бирге Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 5-беренесинин талаптарына ылайык, салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзам актылары жана башка ченемдик укуктук актылар ушул Кодекске каршы келбешин соттор эске алуу менен, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 27-беренесинин 4-бөлүгүндө көрсөтүлгөн сот актысы болуп мамлекеттик алымды кайтарып берүү жөнүндөгү маселе чечилген соттук актыны түшүнүүсү керек.

*(КР ЖС Пленумунун 2024-жылдын 8-апрелиндеги № 10 токтомунун редакциясына ылайык)*

Бул мөөнөттөрдүн калыбына келтирилиши же узартылышы мамлекеттик алым жөнүндө мыйзам менен каралбаган.

Мамлекеттик алымды кайтарып берүү учурларынын тизмеси акыркы (толук) болуп саналгандыгына соттордун көңүлү бурулсун.

Мамлекеттик алым бюджетке киргизилген жери боюнча (КЭБ төлөм документинде көрсөтүлгөндөй мамлекеттик алым киргизилген дарек) казыначылык органдар тарабынан кайтарылат. Кайтарылып берилип жаткан мамлекеттик алымдын алуучусу болуп алымды мамлекеттин пайдасына төлөгөн жак болуп саналат.

32. Мамлекеттик алымды кайра кайтаруу жөнүндө арыздарды кароонун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибин эске алуу менен, соттор КР ЖПК 15-бер. 3-б. ылайык окшош мамилелерди жөнгө салуучу укук нормаларын колдонуп (мыйзамдардын аналогиясы), мындай арыздарды соттун буйругун берүү жөнүндө арыздарды кароого бөлүнгөн мөөнөттө карашы керек (КР ЖПК 250-бер.).

КР ЖПК 108-бер. 3-б. (КР АПК 2-бер. 3-б.) ылайык тийиштүү сот инстанциясына төлөнүшү каралган мамлекеттик алымдын жарымы кайтарылаарын соттор эске алуусу керек.

33. Жоопкер доо талаптарды толугу менен мойнуна алган учурда гана КР СЭКК 27-бер., КР ЖПК 108-бер. 3-б. ылайык мамлекеттик алымдын суммасынын жарымы

кайтарылууга тийиш экендигине соттордун көңүлү бурулсун. Бул учурда, доогер тарабынан доо арызын тапшырган учурда төлөнгөн мамлекеттик алымдын экинчи жарымы доогердин пайдасына жоопкерден өндүрүлөт.

Эгерде иш боюнча жоопкер тарабынан доо бөлүгүндө гана таанылса, анда мамлекеттик алым кайтарылбайт, бул учурда КР ЖПК 113-бер. менен каралган тартипте сот канааттандырган пропорционалдуу бөлүгүндө доогердин пайдасына жоопкерден өндүрүлөт.

34. Ишти кароонун жыйынтыгы боюнча сот чыгымдарын бөлүштүрүүдө, эгерде чечим доогердин пайдасына чечилсе, анда ага жоопкерден бюджетке төлөнгөн мамлекеттик алым өндүрүлөт. Доо жарым-жартылай канааттандырылган учурда сот тарабынан канааттандырылган доо талаптарынын өлчөмү же анын бөлүгү пропорциясына жараша доогердин пайдасына ыйгарылат. Ал эми, доогер төлөгөн мамлекеттик алымдын калган бөлүгү ага кайтарылбайт (КР ЖПК 113, 118-бер.). Чечим жоопкердин пайдасына чыгарылган учурда да мамлекеттик алым кайтарылбайт.

35. Мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулган бир же бир нече доогер тарабынан бир нече жоопкерге карата коюлган доо (толугу менен же бөлүгүндө) канааттандырылган учурда мамлекеттик алым соттун чечими боюнча ар бир жоопкерден өндүрүлгөн суммасына жараша бюджеттин пайдасына өндүрүлөт.

Жоопкерлердин биргелешкен жоопкерчилиги боюнча доо канааттандырылган учурда мамлекеттик алым дагы биргелешкен тартипте өндүрүлөт.

Мамлекеттик алымды жарым-жартылай кайтаруу учурлары КР ЖПК 108-бер. 3-б. менен аныкталгандыгын соттор эске алуусу зарыл. Ал эми, КР ЖПК 108-бер. 1-б. менен каралган башка учурларда мамлекеттик алым толугу менен кайтарылып берилет.

36. Административдик иштер боюнча мамлекеттик алымды кайра кайтаруу жөнүндө маселе КР АПК 2-бер. 3-б. ылайык чечилээрине соттордун көңүлү бурулсун (КР ЖПК 108-бер.).

37. Эгерде мүлктүк талаш боюнча доогерге карата мамлекеттик алымдын жеңилдетилген ставкасы белгиленген болсо, анда доо канааттандырылган учурда (толугу менен же жарым-жартылай) төлөнгөн мамлекеттик алым доогердин пайдасына жоопкерден өндүрүлөт, ал эми төлөнүүгө тийиш болгон мамлекеттик алымдын башка бөлүгү Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-п. 1-пч. ылайык мамлекеттин пайдасына өндүрүлөт.

Мисалы, электр энергиясын, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын колдонгондугу жана электр энергиясын берүү (ташуу) боюнча көрсөтүлгөн кызмат үчүн карызды өндүрүп алуу жөнүндө доо арыздарды берүүдө доогер тарабынан Мамлекеттик алымдын ставкалардын 1-п. 10-пч., 2-п. 11, 12-пч. ылайык эсептик көрсөткүчтүн 1 эселенген (краттык) өлчөмүндөгү мамлекеттик алым төлөнүүгө тийиш. Эгерде доо канааттандырылган учурда төлөнгөн мамлекеттик алым доогердин пайдасына жоопкерден өндүрүлөт, ал эми мүлктүк талаш боюнча доонун баасы менен эсептелинген мамлекеттик алымдын башка бөлүгү мамлекеттин пайдасына өндүрүлөт.

38. Мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулган мамлекеттик органдын же башка органдын доосун канааттандыруудан баш тарткан учурда мамлекеттик алым өндүрүлбөйт.

Бирок, эгерде доо юридикалык жактардын же жарандардын кызыкчылыгы максатында КР ЖПК 48-бер., КР АПК 42-бер. тартибинде прокурор тарабынан берилсе,

анда бул доо талаптар канааттандыруудан баш тартылган учурда же жарым-жартылай канааттандырылган учурда, КР СЭКК 27-бер. 2-б. ылайык доо талаптарын кайсыл бөлүгү канааттандыруудан баш тартылган болсо, ошол пропорциясына жараша мамлекеттик алым кайсы жактардын кызыкчылыгында берилген болсо, ошолордон өндүрүлөт (эгерде ал жак өзү мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулган болбосо).

Эгерде доо арыз башка мамлекеттик органдардын кызыкчылыгында берилген болсо, анда мамлекеттик алым өндүрүлбөгөндүгүн эске алуу керек.

39. Апелляциялык (кассациялык) даттанууну берүүдө мамлекеттик алымдын өлчөмү КР ЖПК 102-бер. 3-б., Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-гл. 2-п. 13-пч. ылайык даттануудагы талаш сумманын негизинде болгон мамлекеттик алымдын суммасынын жарымын түзөт.

Эгерде сот акты бир бөлүктө гана даттанылса (КР ЖПК 335-бер. 1-б., 364-бер., КР АПК 226-бер. 1-б., 250-бер. 1-б.), анда мамлекеттик алым арызданууччу талашып жаткан бөлүгүнүн негизинде эсептелинет.

Мамлекеттик алым толук өлчөмдө төлөнбөй, ал эми апелляциялык (кассациялык) даттануу канааттандырылуудан баш тартылса, анда тийиштүү сот инстанциясы мамлекеттик алымдын төлөнбөй калган бөлүгүн даттануу менен кайрылган жактан мамлекеттин пайдасына өндүрөт.

*(КР Жогорку Сотунун Пленумунун 2023-жылдын 2-июнундагы № 17 токтомунун редакциясына ылайык)*

40. КР СЭКК 136-бер., КР ЖПК 102-бер. 1-б. ылайык мамлекеттик алымдын төлөөчүлөрү болуп апелляциялык жана кассациялык даттанууларды берүүчү жеке жана юридикалык жактар саналат. Бул жактарга иш боюнча тараптар дагы, ишке катышкан башка жактар дагы, анын ичинде талаптарды берген жак өз алдынча бербеген үчүнчү жактар, кызыкдар жактар кирет.

Соттор, эгерде иш боюнча бир нече апелляциялык жана кассациялык даттануулар берилип жаткан болсо, даттануулардын ар бири боюнча мамлекеттик алым төлөнүүгө тийиш экендигин эске алышы керек.

41. КР ЖПК 39-гл., КР АПК 25-гл. тартибинде берилген жеке даттанууларга мамлекеттик алым салынбайт.

КР ЖПК 38-гл., КР АПК 24-гл. алкагында кабыл алынган апелляциялык сот инстанциясынын талашты маңызы боюнча чечпеген сот актысына карата кассациялык даттанууну берүүдө мамлекеттик алым салынбайт. Мисалы, апелляциялык даттанууну кайтаруу, ишти жаңыдан кароого жөнөтүү, доо арызды кароосуз калтыруу жөнүндө апелляциялык сот инстанциясынын сот актысына карата кассациялык даттануу берүүдө мамлекеттик алым төлөнбөйт.

42. Сот актысын мамлекеттик алым бөлүгүндө гана даттанууда, апелляциялык (кассациялык) даттанууну бергенде мамлекеттик алым төлөнбөйт.

43. Эгерде апелляциялык (кассациялык) инстанциядагы сот тарабынан даттанууну берген жакка мамлекеттик алымды же анын бөлүгүн узартып төлөө мүмкүнчүлүгү берилген болсо жана ал сот акты чыкканга чейин төлөнбөгөн болсо, анда тийиштүү инстанциянын соту КР ЖПК 222-бер. 9-п. даттанууну кароосуз калтырат.

Бул учурда КР ЖПК 108-бер. 5-б., КР АПК 2-бер. 3-б. аныкталган тартипте кызыкдар жактын арызы боюнча биринчи инстанция сотунун аныктамасы менен төлөнгөн мамлекеттик алым кайра кайтарылышы мүмкүн же болбосо даттануу мыйзамда белгиленген мөөнөттө кайрадан берилген учурда эске алынышы мүмкүн.

*44. (КР Жогорку Сотунун Пленумунун 2023-жылдын 2-июнундагы № 17 токтомуна ылайык алынып салынды)*

45. Ушул токтомдун кабыл алынгандыгына байланыштуу "Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан жарандык иштер боюнча соттук чыгымдарды жана жазык иштери боюнча соттук коромжуларды өндүрүү жөнүндө мыйзамын колдонуунун кээ бир маселелери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 1996-жылдын 27-декабрындагы № 11-03 токтому жарандык иштер боюнча мамлекеттик алымды өндүрүү бөлүгүндө, "Соттор тарабынан турак-жайга карата менчик укугу жөнүндө Кыргызстан Республикасынын мыйзамын колдонуунун тажрыйбасы тууралуу" Кыргызстан Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 1992-жылдын 26-июнундагы № 3 токтомунун 23-пункту турак үйгө же анын бир бөлүгүнө карата керээз, мурас укугу жөнүндө күбөлүктөр бөлүгүндө күчүн жоготту деп табылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун Төрагасы** **Г. Калиева**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Ч. Садырова**